DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Сатарбаев А.М.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИНИН» ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗИ

*Сатарбаев А.М.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКАЯ ОСНОВА «КОДЕКСА О НАРУШЕНИЯХ» КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*A.M. Satarbaev*

# THEORETICAL BASIS OF THE CODE «ABOUT VIOLATIONS» OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 34.343/342*

*Макала Кыргыз Республикасындагы 2019-жылдын 1-январынан тартып юридикалык күчүнө кирген “Бузуулар жөнүндө” кодекси Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдердин негизинде кабыл алынып иштеп жаткан укутук-ченемдик актынын тео-риялык башаты жөнүндө багытталган. Коомдук процесстерди башкарууда жана аны жөнгө салуу үчүн, мамлекет жалпыга бирдей эрежелерди иштеп чыгып, аны коомчулука талкууга койуп, өзүнө жараша тартиптерге ылайык, аны кабыл алып иштетет жана ал эреже үйгө коюлган пайдубалдын негизги ташы катары коомго кызмат өтөөгө милдеттүү. Инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону, коомдук башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоону укуктук жактан камсыз кылуу “Бузуулар” жөнүндөгү кодекстин милдеттери болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *бузуулар, кодекс, эреже, укук, жоопкерчилик, коомдук процесстер, башкаруу, укуктун мазмуну.*

*Статья направлена на то, что кодекс Кыргызской Республики “О нарушениях”, вступивший в юридическую силу с 1 января 2019 года, является теоретическим источником действующего нормативного правового акта, принятого на основе Конституции Кыргызской Республики и международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика. Для управления и регулирования общественных процессов государство разрабатывает универсальные правила, выносит их на обсуждение общественности, принимает и эксплуатирует в соответствии со своими порядками, и это правило обязано служить обществу краеугольным камнем, заложенным в доме. Задачами кодекса “О нарушениях” являются правовое обеспечение защиты прав, свобод и интересов личности, интересов юридических лиц, общественных и государственных интересов, защита общественного порядка публичного управления от противоправных посягательств*

***Ключевые слова:*** *нарушения, кодекс, правила, право, ответственность, общественные процессы, управление, содержание права.*

*The article contains the content of the Code “On Violations” adopted in the Kyrgyz Republic, which is aimed at the theoretical foundations of the Kyrgyz Republic and the jurisdiction introduced since January 1, 2019, which is based on the Constitution of the Kyrgyz Republic, international treaties to which the Kyrgyz Republic is a party. The management of the social process and the regulation of this phenomenon always requires the state to develop generally accepted rules in which the interests of all segments of the population living in our society must be matched with a cornerstone. Legal support for the protection of the rights, freedoms and interests of the individual, the interests of legal entities, public and state interests, the order of public administration from unlawful encroachments are the main objectives of the Code "On Violations" of the Kyrgyz Republic.*

***Key words:*** *violations, code, rules, law, responsibility, public processes, management, content of law.*

Кыргыз Республикасындагы 2019-жылдын 1-январынан тартып юридикалык күчүнө кирген “Бузуулар жөнүндө” кодекси Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдердин негизинде кабыл алынып иштеп жатат.

Коомдук процесстерди башкарууда жана аны жөнгө салуу үчүн, мамлекет жалпыга бирдей эрежелерди иштеп чыгып, аны коомчулука талкууга коюп, өзүнө жараша тартиптерге ылайык, аны кабыл алып иштетет жана ал эреже үйгө коюлган пайдубалдын негизги ташы катары коомго кызмат өтөөгө милдеттүү. Инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону, коомдук башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоону укуктук жактан камсыз кылуу “Бузуулар жөнүндөгү” кодекстин милдеттери болуп саналат. Көрсөтүлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн Бузуулар жөнүндө кодексте бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик принциптери жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



негиздери белгиленет, кайсы жосундар бузуулар болуп эсептелери аныкталат жана аларды жасагандыгы үчүн жаза чараларынын жана кошумча укуктук кесепеттердин түрлөрү белгиленет [1].

Укук – бул татаал коомдук көрүнүш болуп саналат. Ал өзүнүн жаралуу доорунан тартып азыркы мезгилге чейин өзүнө болгон илимий изилдөө кызыкчылыгынан баш тартпай келет. Анткени мыйзамдын түшүнүгүнө байланышкан суроолор дайыма актуалдуулугу менен айырмаланат, ошону менен катар адамзат цивилизациясынын ар бир башталган жаңы доору, мыйзамдардын жаңыланышын талап кылат. Илимий адабияттарда азыркы мезгилге чейин укук деген эмне, аны кантип түшүнөбүз деген суроолорго багытталган көптөгөн окмуштуулардын идеялары, теориялары жана концепциялары өз жашоосун улантып келет. Ошону менен катар акыркы мезгилде “юриспруденция” илиминде өз алдынча укук түшүнүгү, тармагы пайда болуп. Ал илимий тармактык категоряга айланып теориялык жактан изилденип, практикада колдонула баштады. Укук түшүнүгү адамдын акыл эсинин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп төмөндөгү үч көрүнүштү өзүнө камтыйт, укук түшүнүгү, укуктун баалуулугу жана укук социалдык көрүнүш катарында. Ушул жагдайдан караганда азыркы мезгилда укук түшүнүгүндө көптөгөн көз караштардын теориялардын атайын мектептери жашайт жана алар бирин кемчилдигин экинчиси толуктап, жогорудагы түшүнүктүн баалуулуган арттырып келет.

Укук коомдогу социалдык институт катары мамлекеттик аппарат, мораль жана социалдык башка жөнгө салуучулар менен катар аракеттенген коомдук көрүнүш катарында кароого болот. Укуктун мазмуну, анын коомдук турмуштагы ролу көп учурда алардын коомдук мамилелерге таасир этүү процессиндеги аткарган функциялары аркылуу аныкталат [2, 12-б.], б.а. коомдун турмушунда укуктун активдүү ролу анын аткарган функцияларынан көрүнөт жана жөнгө салуучулук касиетке ээ экендигин далилдейт.

Укук – бул жүрүм турумдун үлгүлүү эрежеси, ал эч кандай коомдук керектөөлөрдөн көз каранды болбоого тийиш жана ал мамлекеттин эрки эмес, а мамлекет болсо укуктун аткарылышын иретке келтирип туруучу инструмент катары ролду ойноого тийиш. Укук жөнүндөгү илимди, укуктаануу деп аташат. Ушул жагдайдан караганда, укуктаануу болсо өз мезгилинде, чындыгында укук жөнүндөгү билим берүү системасын түзүп, атайын коомдук илимдерге кошулуп, тармактардын укугу болгон (граждандык укук, административдик укук, каржы укугу, үй-бүлө укугу, экологиялык укук, кылмыш укугу ж.б.у.с.) ал жалпы юридикалык илим болуп саналат [3, 40-б.]. Демек укук, жалпы юридикалык илим катарында болуу менен бирге, өзүнө жараша тармактык жалпы теориялык, маалыматтык, методологиялык, негизги идеологиялык саясий милдеттерди аткарып келет.

Жаңы “бузуулар жөнүндөгү” кодекстин, эң негизги өзгөчөлүгү болуп, анын мезгил талабына шайкеш келип, мамлекетибиздеги демократиялык принциптердин иштешин, социалдык-экономикалык, саясий аң-сезимдин жана укуктук маданияттык деңгээлдин салыштырмалуу (1990-жылдарга) жогорулагандыгын эске алып, ошону менен катар коомду гумандаштыруу маселесин өзүнө камтыгандыгында болуп саналат.

Кодекстин негизги милдети болуп, бул Кыргыз Республикасынын атуулдарынын жана атуулдугу жок, же убактылуу ушундай макамы белгиленбеген жана чет элдик атуулдардын Кыргыз Республикасынын аймагында, инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону жана коомдук башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоону укуктук жактан камсыз кылуу болуп саналат.

Юриспруденция илиминде деле башка илимий тармактарда изилдөө жүргүзгөндөй жаңы нерсени ал керектен чыгарган эски нерсе менен салыштырмалуу анализдөө менен тыянак чыгарышат. Ушул кодекстин мезгил талабына жооп бере ала турган гумандуу принцибине таянып жана коомдун мүчөлөрүнүн укуктук маданиятынын деңгээлиинин өскөндүгүн эске алган жагдайларды байкоого болот. Акыркы мезгилдеги илимий изилдөө багытындагы салттык эмес, көп тармактуулук дисциплинардык усулдун негизинде алып караганда, ушул мезгилге чейин административдик укук бузуу тармагындагы укуктук жөнгө салууну “Административдик жоопкерчилик” кодекси ишке ашырып келген. Аталган кодекстин 9-беренесинде административдик укук бузуу (жорук) түшүнүгүндө жеке, же юридикалык жактын укукка жат, күнөлүү (атайылап же байкабастыктан жасаган) аракети же аракетсизиги административдик укук бузуу (жорук) деп таанылат деп белгиленген. Ал эми бузуулар жөнүндө кодексинин 17-беренесинде, бузуу жасаган жеке жак, эгерде ал жосунунун (аракетинин же аракетсиздигинин) укукка каршы экендигин аңдап-сезсе же аңдап-сезе алса жана аңдап-сезүүгө тийиш болсо, күнөөлүү деп таанылат. Ошону менен катар бул кодексте юридикалык жактардын күнөөсүн далилдөөдө бузуу жасаган юридикалык жак, эгерде жеке жак менен эмгек мамилелери болсо же келишим боюнча

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



юридикалык жактын кызыкчылыктары үчүн белгилүү бир аракеттерди аткаруучу жеке жак өз жосунунун (аракетинин же аракетсиздигинин) укукка каршы экендигин жана аны аңдап-сезсе же аңдап-сезе алса жана аңдап-сезүүгө тийиш болсо, күнөөлүү деп таанылат деп өзүнө 18-беренени камтыйт.

Мында белгилеп кетүүчү нерсе, ушул мезгилге чейинки укук бузуу түшүнүгүндөгү институттун өзгөргөндүгүн байкоого болот. Жалпы юриспруденцияда кабыл алынган, билип туруп же билбей туруп, кокустуктан жасаган укук бузуу жоопкерчиликтен бошотпоо принциби, жаңы кодексте үч жагдайда каралып жаткандыгында: бул – укукка каршы экендигин жана аны аңдап-сезсе же аңдап-сезе алса жана аңдап-сезүүгө тийиш болсо, күнөөлүү деп таанылат.

Жалпы укуктук теорияда каралгандай мыйзам бул жалпыга бирдей аткарууну талап кылган көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп, эреже катарында кабыл алынып, анын негизги кызыкчылыгы, инсанды, коомду жана мамлекеттик башкаруу тармагындагы укукка каршы көрүнүштөргө бөгөт коюуу болуп эсептелинет. Ушул жагдайда караганда “Бузуулар жөнүндөгү” кодекстеги кабыл алынган жалпы принциптер жана андагы аткарылууга тийиш болгон тексттик түшүнүктөр, кодекстин өзүнүн белгиленген мейкиндиктеги иш аракетин толук түрдө аткарылышын камсыздайт жана ушул чөйрөдөгү коомдук мамилелерди жөнгө салат.

Азыркы мезгилдеги юриспруденция илими укук түшүнүгүн ар түрдүү көз караштардын жана ар кандай илимий агымдарды изилдеп, бир калыпка салып системага түшүргөн. Мында укукту нравалык категориянын бир бөлүгү деп түшүндүрүүгө аракеттенген илимий агымдын өкүлү болгон А.Шопенгауэр (1788-1860) жана орус окумуштуусу В.Соловьевди (1853-1900), айтууга болот. Алар өз көз караштарын бир канча аныктамалардын негизинде далилдешкен. Укук – бул моралдык категориянын төмөнкү этабы болуп эсептелинет жана анын негизги стихиясы болуп, коомдук процесстердеги жөнгө салуучулук касиетке ээ функцияны аткаргандыгы менен айырмалангандыгында. Мындан сырткары, укук түшүнүгүн, ар түрдүү теорияларда да изилдеп көрүшкөн жана ошол тармактардын өзүнө тиешелүү болгон илимий аныктамаларды берген мектептерди түзүүгө жетишишкен.

Кайсыл формадагы (саясий режим) болбосун, укуктун эң маанилүү милдети болуп коомдук мамилелерди жөнгө салуу, аларды социалдык эркиндиктин жана адилеттүүлүктүн рамкасында, тең укуктуулуктун, мыйзам алдында бардык физикалык тараптардын теңдиги жана демократиялык принциптердин негизинде өз милдетин аткаруусу болуп саналат. Ошондуктан да Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндөгү” кодекси – бул мезгилдин талабы жана коомдун чакырыгы катары кабыл алынууга тийиш жанат анда убакыттын талабына ылайык ченемдик актыларды өзүнө камтыйт.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндө кодекси“. - 2017-ж. - 13.04. - 2-берене.
2. Тогойбаев Ж.Ж. Теория права. Ч.1. - Б., 2002. - С.12.
3. Алексеев С.С. Общая теория права. - М., 1995. - С. 40.